# Беш нерсе бул адамдын табияттык тазалыгынан. Алар: сүннөткө отургузуу, уяттуу жерлердеги түктөрдү кыруу, мурутту кыскартуу, тырмактарды алуу жана колтуктун түктөрүн жулуу

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал айтты: Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: Беш нерсе бул адамдын табияттык тазалыгынан. Алар: сүннөткө отургузуу, уяттуу жерлердеги түктөрдү кыруу, мурутту кыскартуу, тырмактарды алуу жана колтуктун түктөрүн жулуу.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ислам дининдеги беш сыпатты жана элчилердин сүннөттөрүн баяндады. Биринчиси: сүннөткө отургузуу. Бул балдардын жыныс мүчөсүнүн баш жагындагы ашыкча терисин жана кыздардын жыныс мүчөсүнүн кынынан жогору жагынан кесип алуу. Экинчиси: жыныс мүчөлөрдүн айланасындагы түктөрдү кыруу. Үчүнчүсү: мурутту кыскартуу. Эрин көрүнгүдөй кылып эркектин үстүнкү эрининен жогорунда өскөн мурутту кыскартып алуу. Төртүнчүсү: тырмактарды алуу. Бешинчи: колтуктагы түктөрдү жулуу.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3144